83 Амер
Ш-51

DAILY WOLF

# ҮЧ ТОРОПОЙДУН ЧЫНЫГЫ ОКУЯСЫ

А.КАРЫШКЫРдын айтымында



ЖАЗЫП АЛГАН ЖОН ШЕСКА
СҮРӨТҮН ТАРТКАН ЛЭЙН СМИТ

# ҮЧ ТОРОПОЙДУН ЧЫНЫГЫ ОКУЯСЫ



**А.КАРЫШКЫРдын айтымында**

**Жазып алган Жон Шеска**
**Сүрөтүн тарткан Лэйн Смит**

УДК 821.111–93
ББК 83.8
Ш – 51

Которгон Б. Абдиева
**Шеска Ж.**
Ш – 51 **Үч торопойдун чыныгы окуясы** / Котор. Б.Абдиева. – Б. 2016. – 34 б.

**ISBN 978-9967-28-105-9**

Белгилүү Үч Торопой менен Карышкырдын окуясын башкача баяндап, бөбөктөргө арналган бул күлкүлүү сүрөттүү китеп балдарды жакшы менен жамандын, чындык менен жалгандын айырмаларын өз алдынча аңдап билүүгө көмөкчү болот. Китеп англис тилинен алгач ирет которулду.

**Ш 4804010100–16**
**ISBN 978-9967-28-105-9**

УДК 821.111–93
ББК 83.8

Басылма Америка Кошмо Штаттарынын Элчилиги тарабынан каржыланган. Акысыз таратылат.

Text copyright © Jon Scieszka, 1989
Illustrations copyright © Lane Smith, 1989

Кыргызча басылмасы © RenArt, 2016

Жери менен Моллиге арналат
Ж.Ш. жана Л.С.

Кичинекей Үч Торопойдун окуясын баары эле билет. Же билебиз деп ойлошот. Бирок бир кичинекей сырды ачайын. Чындыгында кандай болгонун эч ким билбейт, анткени окуяны эч ким *менден* уккан эмес.



Мен карышкырмын. Атым Александр Карышкыр.

Силер мени Алекс деп атасаңар деле болот.

Жанагы «Чоң Жаман Карышкыр» деген ат мага каяктан жабышканын билбейм, бирок анын баары калп.



Мүмкүн ага биздин жеген тамагыбыз себепкердир.

Эй, карышкырлар коён, кой, чочко сыяктуу кичинекей, жакшынакай жандыктарды жегени менин күнөөм эмес да?! Биздин табиятыбыз ошондой да. Эгер чизбургерлер коёнекке окшош болсо, балким эл сени да «Чоң» жана «Жаман» деп ойломок.




Бирок мен айтып өткөндөй, «Чоң Жаман Карышкыр» деген ушактын баары жалган.

Чыныгы окуя чүчкүрүк жана бир чөйчөк кумшекер жөнүндө. Ал мындай болгон…

# This
# is
# the
# real
# story



«Илгери өткөн заманда» деген убактан баштайлы.

Ошол күнү мен сүйүктүү улгайган чоң энемдин туулган күнүнө торт жасап жаткам.

Суук тийип, чүчкүрүп-бышкырып, аябагандай катуу ооруп калыптырмын.

Кумшекерим түгөнүп калган экен, бирөөдөн сурай коёюн деп сыртка чыга калбаймынбы.




Granny

Ошентип мен коңшумдан бир чөйчөк кумшекер сураганы көчө менен ылдый жөнөдүм.

Ал кошунам чочко болчу.

Өзү акылдуу деле эмес эле.

Ал үйүнүн чатырын гана эмес, бүтүндөй дубалын кошуп самандан салып алган.

Ишенесиңерби? Ким эле акылы сопсоо туруп жалаң самандан там салсын?







Албетте, эшикти такылдатайын дегенде эле каалгасы үйдүн ичине кулап түштү. Мен башка бирөөнүн үйүнө уруксатсыз кирип баргым келген жок. Анан:

– Торопой! Эй, Торопой, үйдөсүңбү? – деп үн каттым. Жооп болбоду.

Менин сүйүктүү чоң энемдин туулган күнүнө жасайын деген тортко кумшекер керек эле.



Эми айла жок үйгө кайтайын деп ойлодум. Бир маалда мурдум ушунчалык катуу кычышып кирди дейсиң!

Бышылдап-кышылдап катуу дем ала баштадым.

Чүчкүргүм келгенин айтпа!




Анан өлгүдөй катуу чүчкүрдүм.



Андан ары эмне болду дебейсиңерби? Бүтүндөй самандан жасалган баягы эптемей үй урап түшүп калды. Ошол саман үймөктүн так ортосунда эшикке кагылган мыктан бетер катып калган Биринчи Кичинекей Торопойду көрдүм.

Ал баятан бери үйдө эле экен.



Анан чөптүн үстүндө жаткан ушундай сонун даяр этти жебей таштап кетип калсам, кесир болот го деп ойлодум да, аны жеп койдум.

Ээси жок жаткан чоң чизбургерди элестете бергиле.



Өзүмдү бир кыйла жакшы сезип калдым. Бирок бир чөйчөк кумшекер дагы эле таба элек болчумун. Ошондуктан кийинки кошунамдын үйүнө жөнөдүм.

Ал кошунам Биринчи Кичинекей Торопойдун бир тууганы болучу.

Ал бир аз акылдуураак эле, бирок анча деле көп эмес.

Ал чыбыктардан үй салыптыр.



Мен чыбык үйдүн коңгуроосун кактым.

Эч ким жооп бербеди.

– Торопой мырза! Торопой мырза, сиз үйдөсүзбү? – деп чакырдым.

Ал болсо:

– Кет ары, карышкыр! Сен үйгө кире албайсың. Мен сакалымды алып атам! – деп кыйкырды.



Мен жаңы эле эшиктин туткасын кармаганда кайра чүчкүргүм келип жатканын сездим.

Мурдум кычышып-ачышып, катуу бышылдап-кышылдап, оозумду жапсам да болбой катуу чүчкүрүп жибердим.



Айтканыма ишенбесеңер койгула, бирок бул жигиттин үйү да инисиникине окшоп урап калды.

Чаң тараганда карасам, Экинчи Кичинекей Торопой да эшикке кагылган мыктан бетер өлүк калыбында кыймылсыз жатыптыр, сый конокту күткөнсүп.



Билесиңер да, тамакты ээн таштап койсоң, бузулуп калат.

Анан мен болор ишти болтурдум да, дагы тоюп алдым. Бул экинчи жолку тамак болгондуктан, өтө эле чандайып калдым. Анткен менен сасык тумоом бир аз басаңдагандай сезилди. Ал эми карыган сүйүктүү чоң энемдин туулган күндүк тортуна деген кумшекер дагы деле табыла элек. Ошондуктан мен кийинки турган үйгө жөнөдүм. Жанагы эки торопойдун байкесине. Алардын үй-бүлөсүндөгү эң акылдуусу ошол болсо керек. Ал кыштан там салыптыр.





Мен кыштан курулган үйдүн эшигин такылдаттым. Үн чыккан жок.

– Торопой мырза! Торопой мырза, үйдөсүзбү? – деп чакырдым.

Жанагы орой, семиз чочко эмне деп жооп берди дебейсиңерби?

– Жогол бул жерден, Карышкыр! Мени көп тажатпа! – дейт.

Эми сылыктык жөнүндө кеп салалы.

Өзүндө бир мүшөк толо кумшекери бар сыягы.

Ошондон жок дегенде бир чөйчөк кумшекер берип койсочу чоң энемдин туулган күнүндөгү тортко!

Чочко десе!

Мейли эми, торттун ордуна сүйүктүү чоң энеме жакшынакай куттуктоо жазып берип коёюн деп ойлоп, жаңы эле үйгө жылганы жаткан кезимде жанагы оорум дагы башталды.

Тез-тез дем алып, мурдум кычышып, дагы бир чүчкүрүп алдым.

Тигил Үчүнчү Торопой болсо:

– Ошол чоң энең ылайым ийнеге отуруп алса экен! – деп кыйкырды.





Мен өзүм адатта аябай токтоо немемин. Бирок бирөө чоң энем жөнүндө ушундай бирдеме айтса, жиним жаман.

Полиция жетип келген убакта, мен бул чочконун эшигин сындырганы аракет кылып жаткан болчум. Анын  үстүнө чүчкүрүп-бышкырып, ызы-чуу чыгарып жаткам.








Калган окуя тарыхта калбадыбы.

Жаңылык жазган кабарчылар мен жеп койгон эки торопой жөнүндө билип алышыптыр. Аларды ооруп турган бирөөнүн карызга кумшекер сурап жүргөнү кызыктырбаган өңдөнөт. Окуяны каалашынча апыртып: «Үйүңдү үйлөп, учуруп салам!» – деп кошулташыл кылып салышыптыр. Ошолордун айынан «Чоң Жаман Карышкыр» болдум да калдым.



Болгону ушул.

Чыныгы окуя ушунда-ай… Жалган жалаа жабылды да калды.




Мүмкүн сиз мага карызга бир чөйчөк кумшекер берип турарсыз?






АКШ Элчилигинин Китеп которуу программасынын колдоосу менен чыгарылган